# Амбулатордук деңгээлде дарыкана тармагы аркылуу жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоонун абалы жөнүндө маалымат

**Жеңилдетилген рецептерди жазуу.** 2025-жылдын 12 айында ҮМБ/ҮДТнын дарыгерлери тарабынан баардыгы 1802,4 миң жеңилдетилген рецепт анын ичинен МКП боюнча жеңилдетилген категориядагы оорулууларга 247,6 миң рецепт (14%) камсыздандырылган категорияга 1554,8 миң (86%) рецепт жазылган.

Региондор боюнча жеңилдетилген рецепттердин жалпы үлүшү Ош облусунда 26%ды (475,7 миң рецепт), Бишкек ш. 19% (339,1 миң рецепт), Жалал-Абад обл. боюнча 17% (313,8 миң), Баткен облусунда 11% (206,4 миң рецепт), Чүй обл. 9% (166,2 миң), Ысык-Көл обл. 8% (149,3 миң рецепт), Нарын облусунда 5% (88,4 миң рецепт), Талас обл. 4%ды (63,3 миң рецепт) түздү.

Мамлекеттик кепилдиктер программасы менен аныкталган оорулуулардын жеңилдетилген категориясы боюнча рецепттердин максималдуу саны ГБ менен ооругандарга 151,3 миң рецепт жазылган, бул МКПнын бардык рецепттерининин 61% түзгөн, эпилепсия менен ооругандарга 34,8 миң рецепт (14%), бронхиалдык астма менен ооругандарга 24,3 миң (10%), психикалык бузулуулары барларга 25,6 миң (10%) жана онкологиялык оорулууларга 11,5 миң рецепт (5%) жазылган.

Бейтаптардын социалдык категориясы боюнча рецепттердин максималдуу саны пенсионерлерге 355,7 миң рецепт (23%), иштегендерге жана жеке ишкерлерге 307,8 миң рецепт (20%), балдарга жана студенттерге 146,4 миң (9%), социалдык жөлөкпул алуучуларга 79,2 миң (5%), фермерлерге 179,3 миң (12%) жазылган. Кош бойлуулугуна байланыштуу диагнозу бар аялдарга 361,9 миң рецепт (23%) жазылган.

**Компенсация.** 1468,3 миң рецепт (81%) сатылган дары-дармек каражаттары боюнча компенсациянын өлчөмү 480,9 млн сомду түздү, анын ичинде оорулуулардын жеңилдетилген категориясы 71,7 млн сомду (15%), камсыздандырылган категория 409,2 млн сомду (85%) түзгөн.

Республиканын региондору боюнча 2 программа боюнча компенсациянын өлчөмү Жалал-Абад облусу боюнча 104,6 млн. сомду (22%), Ош облусу боюнча 117,3 млн. сомду (24%), Бишкек шаары боюнча 100,1 млн. сомду (21%), Чүй облусу боюнча 49,9 млн. сомду (10%), Баткен облусу боюнча 36,6 млн. сомду (8%), Ысык-Көл облусу боюнча 33,4 млн. сомду (7%), Нарын облусу 24,2 млн. сомду (5%), Талас облусу 14,8 млн. сомду (3%) түздү.

Жеңилдетилген категориядагы оорулуулардын МКП боюнча компенсациянын өлчөмү ГБ оорулууларга Бисопрололду сатуу 35404 миң сом, бул МКП боюнча ордун толтуруунун бардык суммасынын 49% ды

түздү, эпилепсия менен ооругандарга 11544,1 миң сом (16%), бронхиалдык астма менен ооругандарга 9503,8 миң сом (13%), онкологиялык оорулууларга 8367,5 миң сом (12%), психикалык бузулуулардын 2 түрү менен ооругандарга 6909,0 миң сом (10%).

Камсыздандырылган категория боюнча ордун толтуруунун максималдуу суммасы пенсионерлерге 83 119,8 миң сом (20%), иштеген жана жеке ишкерлерге 80431,3 миң сом (20%), балдарга жана студенттерге 41028,1 миң сом (10%), социалдык жөлөкпул алуучуларга 21 382,2 миң сом (5%), фермерлерге 44 684,4 миң сом (11%) ж.б. туура келди. Кош бойлуулукка байланыштуу диагноз менен сатылган дары-дармектердин компенсациянын өлчөмү 80 840,7 миң сомду (20%) түздү.

МКП рецепттери боюнча компенсациянын орточо деңгээли (Бисопрололду эсепке албаганда) 89,7% ды, камсыздандырылган категориядагы сатылган рецепттер боюнча 64% ды түздү.

ММК КП боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо каражаттарын өздөштүрүү 72% ды түздү, иш жүзүндө каржылоо 110,8 млн.сом өлчөмүндө жана план боюнча 154,4 млн. сом өлчөмүндө. МКП каражаттарын өздөштүрүү 113% ды түздү, план боюнча 17,5 млн. сом жана берилген 2 айга отчеттук маалыматтар боюнча жана жылдын башына карата карызы менен ордун толтуруунун түзүлгөн суммасы 19,8 млн. сом.

**Каражаттарды өздөштүрүү.** 12 ай ичинде дарыканаларга төлөнгөн компенсациялардын суммасы 409,7 млн сомду жана ММК КП тарабынан пландалган бюджет 617,6 млн сомду түзгөндүгүн эске алганда, каражаттарды өздөштүрүү деңгээли 66%ды түздү. Бул орточо көрсөткүчтөн төмөн деңгээл Баткен облусунда — 63%, Ысык-Көл облусунда — 59%, Талас облусунда — 52% жана Чүй облусунда — 43% түздү. Калган аймактарда көрсөткүч 66%дын (Ош облусу) — 80%га чейин (Жалал-Абад облусу) жетти.

Берилген отчетторго ылайык, МКП боюнча каржылоого компенсациянын көлөмү 73 млн сомду түздү, пландалган 70 млн сомго салыштырмалуу каражаттарды өздөштүрүү 104%ды түздү. Каражаттардын өздөштүрүлбөгөндүгү байкалган эки аймакты — Чүй облусунда 54% жана Ош облусунда 86% — эске албаганда, калган 6 аймакта каражаттарды ашыкча өздөштүрүү 102%дан 172%га чейинки чекте катталды.

**Бейтаптарды камтуу.** МКП боюнча жеңилдетилген категориядагы бейтаптарды камтуу деңгээли 75%ды түздү. Каттоодо турган 33 564 бейтаптын ичинен 25 048 бейтап жеңилдетилген рецепттерди алышкан (2025-жылга карата КР ССМ бюджет боюнча маалыматтарына ылайык).

Жеңилдетилген шарттарда дары-дармек менен камсыздалбаган бейтаптардын саны 8 516 адамды же 25%ды түздү.

Адаттагыдай эле онкологиялык бейтаптарды камтуу деңгээли 100%дан жогору болду, башкача айтканда, жыл ичинде каттоого жаңы алынган бейтаптарга да рецепттер жазылган. Калган категориялар боюнча камтуу төмөнкүдөй түздү: бронхиалдык астма менен ооругандар — 65%, психикалык оорулары бар бейтаптар — 53%, эпилепсия менен ооругандар — 88%. Максаттуу органдардын жабыркашы менен коштолгон гипертониялык ооруга чалдыккан бейтаптардын ичинен каттоодо турган бейтаптардын 47%ы жыл ичинде жеңилдетилген рецепттерди алышкан.

Чүй облусунда камтуу көрсөткүчтөрү төмөн болгон: бронхиалдык астма менен ооругандар — 39%, психикалык бузулуулар менен ооругандар — 38%, эпилепсия менен ооругандар — 69%. Ош облусунда онкологиялык бейтаптарды камтуу 79%ды, ал эми психикалык бузулуулар менен ооругандарды камтуу 33%ды түздү.

Жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо боюнча камсыздандырылган бейтаптарды камтуу деңгээли республика боюнча орточо 10%ды түздү, аймактар боюнча бул көрсөткүч 6%дан (Чүй облусу) 12%га чейин (Баткен, Ош облустары жана Бишкек шаары) өзгөрдү.

Ошол эле учурда, бир бейтапка жыл ичинде төлөнгөн компенсациянын иш жүзүндөгү максималдуу көлөмү Ысык-Көл облусунда 41 034 сомду түздү, жыл аягына карата бир бейтапка белгиленген лимит 104 миң сом болгон. Бул чектик көрсөткүч МКП боюнча Чүй облусунда бир гана онкологиялык бейтапта 107,7 миң сом өлчөмүндө жетишилген. Башка аймактарда ММК КПнын рецепттери боюнча компенсациянын максималдуу өлчөмү 19,4 миң сомдон (Талас облусу) 37,4 миң сомго чейин (Чүй облусу) түздү.

Жыл ичинде ооруну басаңдатуучу баңгизаттык дары-дармек каражаттарына жалпы 19,6 миң жеңилдетилген рецепт жазылган, анын ичинде МКП боюнча онкологиялык бейтаптарга — 11,5 миң рецепт, ММК КП боюнча башка бейтаптарга — 8,1 миң рецепт. Анын ичинен Кетопрофенге — 9,1 миң рецепт, Трамадолго — 5,5 миң, Морфинге — 4,5 миң жана Промедолго — 395 рецепт туура келген. Бул рецепттердин ишке ашырылуу деңгээли жазылган рецепттердин жалпы көлөмүнүн 90%ын түздү.

2024-жылдагы чыгымдарга салыштырмалуу бул дары-дармек тобунун керектөө көлөмү орточо эсеп менен 23%га кыскаргандыгын белгилеп кетүү зарыл. Бул онкологиялык бейтаптарды дары-дармек менен камсыздоодо терс фактор болуп саналат. Анын ичинде Морфинди колдонуу 152 граммга, Кетопрофенди — 10,4 кг, Трамадолду — 1,2 кг олуттуу кыскарган.

**Рецепттердин негизсиз жазылышы.** Дары-дармек каражаттарын дайындоонун негиздүүлүгүн текшерүү боюнча жүргүзүлгөн

мониторингдин жыйынтыгында 1000ден ашык мыйзам бузуу фактылары аныкталды.

**Ысык-Көл облусу** боюнча электрондук форматта жеңилдетилген рецепттердин негизсиз жазылышы аныкталган. Жети-Өгүз райондук ЖДПБнын жетекчилеринин буйруктары менен 10 дарыгерге жана медайымдарга сөгүш жарыяланган, Түп райондук ЖДПБда 7 дарыгерге, Каракол шаардык БҮМБде 23 дарыгерге эскертүү берилген. Балыкчы шаардык ЖДПБда 6 дарыгерге, Ысык-Көл райондук ЖДПБда 3 дарыгерге сөгүш жарыяланган.

Бишкек шаары боюнча экспертизанын жыйынтыгы менен комиссия тарабынан актылар түзүлгөн. №12 ҮМБдун администрациясы тарабынан бул учурлар боюнча ички талдоо жүргүзүлүп, буйрук менен дарыгерлерге сөгүш жана эскертүүлөр берилген.

Жалал-Абад облусу боюнча текшерүүлөрдүн жыйынтыгында саламаттык сактоо уюмдарынын жана дарыканалардын жетекчилеринин катышуусу менен жыйын өткөрүлгөн. Натыйжада Сузак ҮМБда дарыгерлерге эскертүү берилген, Жалал-Абад шаардык БҮМБде бир дарыгер өз каалоосу менен жумуштан кеткен. «Лекарь» дарыканасынын фармацевттерине сөгүш жарыяланган, «Рус Фарм» дарыканасынын фармацевттерине эскертүү берилген, ал эми «Фарм Сервис» дарыканасынын фармацевти Каратаева Ж. кызматынан бошотулган. Буга чейин Кара-Көл ЖДПБ боюнча 2025-жылдын январь–март айлары аралыгында жеңилдетилген рецепттердин негизсиз жазылышы аныкталып, тийиштүү суммалар «Лекарь» жана «Рус Фарм» дарыканаларынын каржылоосунан кармалган.

Чүй облусунун Сокулук районунда бейтаптар менен телефон аркылуу сурамжылоо жүргүзүүнүн жана үйүнө барып текшерүүнүн жыйынтыгында рецепттердин негизсиз жазылышы тастыкталган. Тиешелүү суммалар «Неман» жана «Медлайф» дарыканалары тарабынан ММК Фондунун эсептик эсебине кайтарылган.

Ош жана Баткен облустары боюнча рецепттердин базасынан тандалма текшерүү жүргүзүлүп, экспертиза өткөрүү үчүн ММК фондунун АБнын жетекчилерине жөнөтүлгөн.

**Ош облусу боюнча:** ММК фондунан текшерүүгө жөнөтүлгөн рецепттерге карата «SANARIP CLINIC» электрондук амбулатордук карталары боюнча мониторинг жүргүзүлгөн. Ош шаарындагы №1 ҮМБде жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгында мыйзам бузууга жол берген дарыгерлер арасында ҮДТ №3, №5, №15тин клиникалык жетекчилери менен биргеликте талдоо жүргүзүлгөн. Маалымкат Ош шаарынын №1 ҮМБнин директору М.М. Халмурзаевге жөнөтүлгөн.

**Нарын облусу боюнча:** Негизги мыйзам бузуулар — Амоксиклавга жана тест-полоскага ашыкча курстук дозалардын жазылышы, дарыгердин иш убактысынан тышкары рецепттердин жазылышы жана рецепттердин дарыканаларда түнкү убакта ишке ашырылышы болуп саналат.

**Жаңы эл аралык аталыштагы дары-дармектерди тандоо**. 2025-жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2025-жылдын 20-февралындагы №160 буйругуна ылайык жеңилдетилген дары-дармек каражаттарынын тизмесине киргизүү үчүн эл аралык аталыштагы дары-дармектерди тандоо боюнча пландуу иштер жүргүзүлдү. Натыйжада, ММКнын кошумча программасынын бюджетине таасир этүүнүн босоголук маанисин жана талдоосун эске алуу менен маалымдамага 7 эл аралык аталыштагы дары-дармектер кирген: Альпразолам, Валсартан, Лазартан, Мифепристон, Мизопростол, Торасемид, Тиамазол. Белгиленген чектелген чекене бааларды эске алуу менен маалымдамага бардыгы болуп дары-дармек каражаттарынын 29 соода аталышы киргизилген. Ошентип, 2025-жылдын декабрь айынын аягына карата жеңилдетилген дары-дармектердин Мааламдамасында жаңы толуктоолорду эске алуу менен 82 эл аралык аталыштагы дары-дармек каражаттары жана медициналык буюмдар 500дөн ашык соода аталыштарынан турат (дары дармек каражаттардын саны мамлекеттик реестриндеги өзгөрүүлөргө байланыштуу ай сайын өзгөрүп турат).

**Дарыкана тармагы.** 2026-жылдын январь айына карата дарыкана мекемелеринин чекене тармагы 1069 бирдикти түздү, анын ичинде 277 дарыкана жана 792 дарыкана пункту бар. Электрондук жеңилдетилген рецепттерди ишке ашыруу укугу боюнча 154 келишим түзүлгөн. Акыркы кварталда келишимдердин саны 171ден 154кө чейин кыскаргандыгын белгилеп кетүү зарыл. Электрондук рецепттердин маалымат базасына ылайык, аймактардагы 29 дарыканада баңгизат каражаттарынын реализациясы катталган. Бирок дарыканалар тарабынан берилген маалыматтарга ылайык, баңгизаттык жана психотроптук дары-дармек каражаттарын сатуу укугу 34 дарыканага берилген.